УДК: 801.81:398

*Асанкариева А., магистрант, К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ – ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ПОЭЗИЯНЫН ТАЛАНТТУУ ӨКҮЛҮ

*Акын Шайлообек Дүйшеевдин чыгармачылыгына индивидуалдуулук, поэтикалык ойлордун оригиналдулугу, бийик көркөм-эстетикалык дарамет сыяктуу сапаттар таандык. Акын чыгармаларын салттуу ыр формасында да, эркин ыр формасында да жараткан жана алардын тематикалык алкагы кеңири. Ш.Дүйшеев өз чыгармачылыгында курчап турган табияттын стихиясы, реалдуу чындыктын көрүнүштөрү, адамдын сезимдери менен субьективдүү толгонуулары, көркөм чындык жана көркөм кыялдын синкретизминен турган өзгөчө поэтикалык системаны жарата алган. Мындай системаны публицистикалык поэзиясынан да байкоого болот.*

*Акын кыргыз коомундагы, турмуштагы терс көрүнүштөрдү жүрөгүнө жакын кабыл алып, аларга кыйкымчыл мамилеси калыптанган. Муну Ш. Дүйшеевдин акындык дүйнөтуюмунун, демек, публицистикалык поэзиясынын да өзгөчөлүгү деп саноого болот. Акындын публицистикалык чыгармаларынын туу чокусу болуп «Кайдыгерлик» аттуу ыры эсептелет. Бул чыгармасы менен катар эле «Эне тилин унуткандар», «Кыянаттык», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел», «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» ж.б. сыяктуу ырлары – публицистикалык поэзиянын бардык талаптарына жооп берген чыгармалар. Алардан автордун акын катары, өз улутунун патриоту катары, элинин атуулу катары позициясы айкын байкалып турат.*

***Өзөктүү сөздөр**: Шайлообек Дүйшеев, акын, таланттуу, поэтикалык феномен, публицистикалык поэзия, коом, терс көрүнүштөр, кайдыгерлик, улуттук аң-сезим, эл.*

*Асанкариева А., магистрант, ИГУ им. К. Тыныстанова,*

# ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ – ТАЛАНТЛИВЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ПУБЛИЦИСТИЧЕСКОЙ ПОЭЗИИ

*Творчеству поэта Шайлообека Дуйшеева присущи такие свойства, как индивидуальность, оригинальность поэтических мыслей, высокий художественно-эстетический потенциал. Произведения поэта, написанные и в традиционной поэтической форме, и в форме «белого стиха», имеют обширный тематический круг. В своем творчестве Ш. Дуйшеев сумел создать особенную поэтическую систему, состоящую из синкретизма стихии окружающей природы, явлений реальной действительности, чувств и субъективных переживаний человека, художественной действительности и художественного вымысла. Эта система отслеживается и в публицистической поэзии.*

*Негативные явления кыргызского общества и современной жизни поэт воспринимает близко к сердцу, к таким явлениям сформировалось критическое отношение. Это является особенностью авторского мировосприятия, и следовательно, публицистической поэзии Ш. Дуйшеева. Вершиной публицистических произведений автора считается произведение «Кайдыгерлик». Наряду с этим произведением, другие произведения, как «Эне тилин унуткандар», «Кыянаттык», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел», «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» и др. полностью отвечают всем требованиям, предъявляемым к публицистической поэзии. В них ярко выражена позиция автора как поэта, как патриота своей нации, как гражданина своего народа.*

***Ключевые слова**: Шайлообек Дуйшеев, поэт, талантливый, поэтический феномен, публицистическая поэзия, общество, негативные явления, равнодушие, национальное сознание, народ.*

*Asankarieva A., master's student, ISU named after K.Tynystanov,*

## SHAILOOBEK DUYSHEYEV IS A TALENTED REPRESENTATIVE OF PUBLICISTIC POETRY

*The work of the poet Shiloobek Duisheyev is characterized by such properties as individuality, originality of poetic thoughts, high artistic and aesthetic potential. The works of the poet, written both in the traditional poetic form and in the form of "white verse", have an extensive thematic range. In his work, Sh. Duisheev managed to create a special poetic system consisting of syncretism of the elements of the surrounding nature, phenomena of real reality, feelings and subjective experiences of a person, artistic reality and artistic fiction. This system is also tracked in journalistic poetry.*

*The poet takes the negative phenomena of Kyrgyz society and modern life to heart, and a critical attitude has been formed towards such phenomena. This is a feature of the author's perception of the world, and therefore of Sh.' s publicistic poetry. Duisheeva. The top of the author's journalistic works is considered to be the work "Kaidygerlik". Along with this work, other works, such as "Ene tilin unutkandar", "Kyyanattyk", "Ysyk-Koldu sakta deisin", "Esine kel", "Bolungondon akyry olot Kyrgyz", etc. fully meet all the requirements for publicistic poetry. They clearly express the position of the author as a poet, as a patriot of his nation, as a citizen of his people.*

***Keywords:*** *Shailoobek Duisheev, poet, talented, poetic phenomenon, publicistic poetry, society, negative phenomena, indifference, national consciousness, people.*

Улуттук адабиятыбызда таланттуу лирик катары да, чебер саясий-публицист акын катары да таанылган Шайлообек Дүйшеевдин поэзиясы башкаларга окшобогон индивидуалдуулугу, оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык кунары менен өзгөчөлөнүп турат. Ш.Дүйшеев өзү айткандай, «адабият айылына» жакындашы бир топ тоскоолдуктарга учурап, «Дүйшеев болгучакты» эчен азаптарды тартып, өзүн-өзү тыбышы оңой-олтоң болбоптур. Ш.Дүйшеевдин поэтикалык сейрек, кайталангыс акындык үнү «Манас» баш болгон, Б. Сарногоев жыйынтыктаган поэтикалык салттын нугунда жаралган.

Акындын көркөм чыгармалары салттуу ыр формасында да, эркин ыр формасында да болуп, алардын тематикалык алкагы абдан кеңири. Чыгармаларында адамдарга, айлана-чөйрөгө, курчап турган ааламга, өмүр-тиричиликтин албан түрдүү кубулуштарына карата көз карашын, туулган жери, Ата-Журтуна деген ысык ыкласы менен сагынычын, табият менен турмушка мамилесин көркөм сөз, образдуу ой аркылуу таасирдүү жеткире билген. Автор турмуштун катардагы эле бир көрүнүшүнөн кайталангыстыкты, бийиктикти, поэтикалык маанини табуу менен, ошол көрүнүштү да, анын артындагы терең мазмунду да индивидуалдуу формада чагылдыра алат. Ар кимибиз күндө көз менен көрүп, көңүл менен түшүнүп жүргөн көрүнүштөрдү Ш. Дүйшеев жөнөкөй гана, ошол эле учурда өтө көркөм сүрөттөй билет. Ошондуктан акындын ар бир чыгармасын предметтик чындык менен көркөм чындыктын ажырагыс бүтүндүгү деп эсептөөгө болот. Себеби Ш. Дүйшеевдин поэзиясында образдуулук, конкреттүүлүк, элестүүлүк, предметтүүлүк даана байкалып, сүрөттөп-чагылдыруу реалдуу, конкреттүү мүнөзгө ээ болгон. Көп учурда көз менен көрүп, кол менен кармай албаган назик сезим кубулуштарын да акын реалисттик түрдө, таасирдүү жеткире алган. Ошондуктан проф. Б. Ш. Усубалиев: «Анын сүрөткерлиги ушунчалык – Шакем көзгө көрүнүп, кулакка угулбаган нерсенин гана эмес, түшүндө элестетүүгө мүмкүн болбогон нерсенин, айталы, күйүттүн, кайгынын да келбетин сөз менен тартып бере алат», - деген пикирин айткан [8]. Ошондой эле турмуш-тиричилик менен табияттын ортосундагы бири-бирине өтүп отурган органикалык терең байланыштарды да кылдаттык менен ачып бере алган. Муну менен Ш. Дүйшеев өз чыгармачылыгында курчап

турган табияттын стихиясынын, реалдуу чындыктын, адамдын сезимдери менен субъективдүү толгонууларынын, көркөм чындыктын жана көркөм кыялдын синкретизминен турган өзгөчө поэтикалык системаны жарата алган.

Ш.Дүйшеевдин чыгармаларынын жогоркудай өзгөчөлүктөрү анын публицистикалык поэзиясынан да айкын байкалат. Ал эми публицистика дегенибиз эмне? Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, ал коом турмушуна, анын көйгөйлөрүнө жандуу үн кошуу деген маанини туюндурат. Поэзиядагы публицистиканы деле ошондой түшүнүүгө болот – коомду, коомдун күрөө тамырынынын кагышын чагылдырган ырлар.

Акындын публицистикалык поэзияга багыт алышынын алгачкы көрүнүштөрү катары 1989-жылы жарык көргөн «Сүйлөшкөнгө чейинки сөз» жыйнагындагы айрым ырларын эсептөөгө болот [9]. Аталган жыйнактын «Агындылар», «Таштын алдындагы күн» деп аталган бөлүмдөрдүндө шаар жана кыштак турмушу, жалпы эле карапайым кыргыз элинин турмушу, башкача айтканда, социалдык тематика алдыңкы планга чыга баштайт.

Маселен, анда шаар турмушу жөнүндө бир топ ырлар бар. Турмушу «шакардай кайнаган», адамдар «аарылардай быкылдаган», балдар ойногонго аянты, карга учар асманы, конор жери жок – акын шаарды ушундайча көрөт («Балдар»). Ал тургай, «мрамордон плащь, граниттен өтүк кийген, таш кишилер тукумдаган» деп («Элеттиктер»), шаарды муздак образда элестетет. Бирок мында акын шаар турмушунун терс жактарын элеттик адамдын көз карашы менен карап, жерийт экен деген калпыс пикир болуп калат. Эмне жөнүндө жазбасын, биринчи кезекте, турмуштагы терс көрүнүштөрдү ашкере сезимталдык менен кабыл алуу, ага чыдамсыз, а түгүл, кээде кыйкымчыл мамиле жасоо Ш. Дүйшеевдин акындык дүйнөтуюмунун өзгөчөлүгү деп саноого болот. Алыкул саяктанып көңүлүндө кыжалат менен жашоо жана жазуу – анын акындык талантынын ажырагыс касиети.

Маселен, «Жүз кат» деп аталган публицистикалык ырлар циклинде акын постсоветтик коомдун шартында, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон адепки 10 жылдай мезгил аралыгында пайда болгон терс көрүнүштөрдү таасын чагылдырып берген. «Жүз кат» – шарттуу форма. Ал так сандар менен белгиленген отуз жети каттан турат. «Биринчи катта» акын айылынын ал-ахыбалын сураса, ага мындайча жооп алганы баяндалган:

-Шүгүрчүлүк,
Жатабыз эски көңдүн кыгына окшоп,
Ат таканын дат баскан мыгына окшоп.
-Айыл кандай? - деп сурапсың, айлың турат,
арык, майып буттарын араң кармап,
чылпагы чыккан көзүн бардап-бардап…

Айылда же мурдагыдай иш жок болгондуктан, кууураган турмуштун айынан элеттиктер массалык түрдө шаарларга, борборго, Чүй бооруна көчүп кеткени «Он бешинчи катта» чагылдырылган:

Бирөөнүн оту күйсө,
бирөөнүн оту үлпүлдөп өчүп жатат.
Чүйгө оогон көп, чүйгүн издеп, өтө көп,
киндик каны тамган жерин сатып ийип
шатырап Ат-Башыңдан көчүп жатат…

«Жүз кат» циклинде өткөн кылымдын акыркы он жылдыгы – үстүбүздөгү кылымдын алгачкы жылдарындагы Кыргызстан өлкөсүнүн портрети Ш.Дүйшеев тарабынан төмөнкүчө жалпылаштырылып тартылып берилген:

Эң арзан мугалими,
эң арзан жазуучусу,
эң арзан артиси бар,

жупжука бөлкөсү бар,
кыргыздын өлкөсү бар,
кана ким сатып алат? («Отуз үчүнчү кат»).

Ал эми кыргыз жергесинин, кыргыз өлкөсүнүн мындай абалга туш келишинин себебин акын мындайча түшүндүрөт:

Сени, кыргыз,
так талашкан уулдарың талап-тоноп,
тытып жеп түгөтүштү…
Эринин кырча тиштеп
эл эптеп карманууда…
Манасы жок элден дайым дал ушинтип,
Абыке, Көбөш чыгат.
Каныкейи жок энелер,
Кайрымы жок балдарды төрөп турат!.. («Отуз жетинчи кат»).

Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясынын туу чокусу – «Кайдыгерлик» аттуу ыры. Адабиятчы А.Садыков акын Ш.Дүйшеевдин көпчүлүк публицистикалык чыгармаларын, анын ичинде «Кайдыгерликти» сатиралык чыгарма катары караган [7: 126-138]. Биз бул пикирге кошула албайбыз, себеби аталган чыгарма жана ал сыяктуу коомдук курч проблемаларды көтөрүп чыккан «Күт эми, Эштек байке», «Эне тилин унуткандар», «Кыянаттык», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел», «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» ж.б. сыяктуу ырлары – публицистикалык поэзиянын бардык талаптарына жооп берген чыгармалар. Алардан автордун акын катары, өз улутунун патриоту катары, элинин атуулу катары үнү жана позициясы айкын байкалып турат.

Журналист-акын К. Иманалиевдин пикири боюнча: «СССРдин Борбордук комитети үчүн кайра куруу 1986-жылдын апрель пленумунан кийин башталса, кыргыз улуттук аң-сезими үчүн кайра куруу процесси Ш. Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» деген ырынан кийин гана башталды деп ойлойм. Себеби ошондогу Кремлде кабыл алынган чечимдер, токтомдор контордон конторго чейин эле жетип, талаадагы сугатчыга, тоодогу малчыга кайдан жетсин. Ал партиялык чечимдер асфальт жол бүткөн жерде кошо бүтчү.

Ал эми Дүйшеевдин аталган ыры өтүк кийип алып сугатчыга, тон кийип алып малчыга чейин жетти. Жүрөккө жетип, көкөйгө тийди. Берч болгон сезимдерди ойготту. Уй сааган саанчы өзү сары майга жетпей, коюнун жүнүн кырктырган койчу өзү жүндөн токулган кийимге тансык эмес беле… Ошол заманда, сенектикке сенейип катып бараткан доордо «Кайдыгерлик» ыры сезимдерди козгоп, козголушка чакырган улуу чакырык болду» [5].

Биздин оюбузча да, Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясынын уюган жери – дал ушул «Кайдыгерлик». Азыркы заманда көпчүлүк социалдык терс көрүнүштөр, оркойгон «оорулар» адамдардын пассивдүүлүгүнөн, бардыгына макул болуп, башка чапса былк этпес өлүк абалга келгендигинен улам чыгып жатат деп тайманбастан эле айтууга болот. Акын бул көрүнүштү XX кылымдын 80-жж. акырында эле «кайдыгерлик» деп туура мүнөздөгөн. Кайдыгерлик – коомдогу толгон-токой терс көрүнүштөрдүн, ыпластыктардын типтүү көрүнүштөрү, ал эми «Кайдыгерлик» – алардын курч тилдин жардамы менен көркөм чагылдырылышы:

«Кайдыгерлик» деген эме
кашайтып көзүбүздү,
айттырбай сөзүбүздү,
бычаксыз канап бүттүк.
«Кайдыгерлик» дегендин

капканынан чыкпай жүрүп,
жаманын да,
жакшысын да,
гүлүн дагы,
күлүн дагы
бир жерге камап бүттүк.

Мунун баары – коомдун бузулушунун, адамдардын пейилинин, адеп-ыйманынын бузулушунун натыйжасы. Коомдун экономикалык-социалдык формациясы өзгөргөндө, адамдардын аң-сезими да өзгөрдү. Кылымдардын кыйырларын карытып, улуттук нарк-насилин, руханий дөөлөттөрүн сактап келген кыргыз элинин улуттук психологиясы, менталитети да өзгөрдү. Эл арасында материалдык байлыкты алдыңкы планга коюп, калган башка нерсенин бардыгын ага баш ийдирүүгө далбастаган адамдар көбөйдү. Дал ошол адамдар коомдо кайдыгерликтин үрөнүн себүүчүлөр болду. Алар жашоодо акчадан, туйтунуудан, материалдык байлыктан, көр дүнүйөдөн башка да жан дүйнө байлыгы, рухий байлык деген нерселер бар экени эстеринен чыгарып коюшту. Кыргыздын түбүнө жете турган илдеттердин бир дал ушул кайдыгерлик болуп жатпайбы. Ошондуктан Ш.Дүйшеев жогорудагы ырын адам болуу, жан дүйнөнү байытуу тууралуу чакырыктар менен аяктаганы логикалуу деп айтууга болот:

Жаралып калган үчүн корстон болбой,
Жан багып жүргөн үчүн арстан болбой,
Адам бол деп жатпайбы сүйгөн жарды.
Адам бол деп жатпайбы билген жанды…

Кыргыздын кайдыгерлигинин дагы бир көрүнүшү – анын өз эне тилине жасаган мамилеси. Залкар жазуучу Ч. Айтматов айткандай: «Эне тил – бул эне, анын алдында инсандык милдет бар». Кыргыз тилин Кыргызстандан бөлөк эч жерде сактоого, өнүктүрүүгө мүмкүн эместигин, тил жоголсо, тил менен кошо улут жоголорун эмнегедир көпчүлүгүбүз аңдабай, анча-мынча аңдап-түшүнсөк да, кол шилтеп кайдыгер мамиледе болуп коюп жатканыбыз да жашыруун эмес.

Ар бир улуттун өкүлүндө улуттук сыймык деген түшүнүк, позиция болууга тийиш. Ал эми улуттук сыймык, биринчи кезекте, улуттук тил, эне тил менен байланыштуу. Эмнегедир башка элдин тилин билсең, сыйласаң, башка тилде сүйлөсөң, демек, сен интеллигентсиң, илим-билимдүү, маданияттуу, а түгүл, космополит адамсың деген көз караш бекем. Мындай шартта, албетте, өз тилине кемсинтүүчүлүк менен караган позиция орун алат. Эмне үчүн ошол өз тилин кемсинткендер башка тилдерди жанталаша үйрөнүп жатышат? Туура, канчлык көп тил билсең, ошончолук жакшы. Бирок улуттук ар-намыс деген нерсе кайда калат?

Мына ушул маселелер публицист акын Ш.Дүйшеевдин көз жаздымында калган жок. Улуу «Манасты» жаратып, укумдан-тукумга сакталып келген эне тилибиздин бүгүнкү күндөгү абалына атуул катары да, акын катары да, адам катары да күйүп-бышып, башкалардын да аң-сезимине жетсин таризинде көркөм сөздүн жардамы менен айтып жатат:

Калдайгандын баары эле канат эмес,
Кабыландын баары эле Манас эмес.
Калкын чанган, калкынын тилин чанган,
Кан болсо да кыргыздын баласы эмес./
Тил жоголбойт,
Жоголсо, жоголот дил.

Тукумуң да,
Тууруң да жоголот, бил!
Тил жоголбойт,
Жоголсо, айланасың
Колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!... («Эне тилин унуткандар»).

Деги эле, Ш.Дүйшеевдин публицистикалык мүнөздөгү ар бир ыры тематикасына карабастан, коомдогу чыркыраган чындыкты, көңүл өйүткөн түрдүү социалдык көрүнүштөрдү окурмандардын аң-сезимине, жүрөгүнө жетерлик деңгээлде, курч, таамай айтып-ачып бергени менен өзгөчөлөнөт. Алсак, «Кыянаттык» аттуу ырында кыргыздын тарыхый жер-суу аттарынын өзгөртүлүшү маселесин көтөрүп чыкса, «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» деп аталган публицистикалык чыгармасы азыркы мезгилдеги кыргыз элинин, кыргыз коомчулугунун эң көйгөйлүү проблемасы – жердештик, трайбализм, аймактык жана урууучулук жактан бөлүнүүчүлүк маселесине арналган; «Ысык-Көлдү сакта дейсиң» аттуу ырында адеп-ыйман экологиясы, адам пейилинин экологиясы тууралуу кеп жүрүп, бул маселелер Ысык-Көлдүн экологиясы менен байланышта берилсе, «Эсиңе кел» аттуу ырында азыркы мезгилде коомубузда күч алып бараткан терс көрүнүш – балдардын өз ата-энелерин карылар үчүн өткөрүшү, карысын урматтап-сыйлап, ата-энени пириндей көргөн кыргыз салтынын бузулушу тууралуу сөз болот. Ал эми «Эгемендүү Эштек», «Дардаң мырза» сыяктуу чыгармаларында эгемендик жылдарындагы кыргыз коомундагы типтүү адамдардын образы чагылдырылып берилген.

Жалпысынан алганда, Ш. Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясында коомдун турмушунун урунттуу жагдайлары бутага алынып, көркөм сөздүн жардамы менен кайра чагылдырылып берилген. Андан улутчулдуктун духу байкалып турат. Мында улутчулдук дегенди тар мааниде, шовинизм катары карабоо керек. Ш. Дүйшеевдин улутчулдугу – улуттук сезимди козгоп, ар-намысыңа келтирип, пастыктан бийиктикке, арамдыктан аруулукка, маңкуртчулуктан манасчылыкка, ыпластыктан изгиликке, бөлүнүүдөн биримдик-ынтымакка чакырып турган улутчулдук.

Ш.Дүйшеевдин акындык вазипасына эгемендикке туш келген калкынын ырын ырдап, муңун муңдоо шыбагасы туш келип, Кыргызбай менен Кыргызгүлдүн, Эштек байкенин бечара абалын, буга чейин поэтикалык иликтөөгө алына элек темаларды ачуу убаракерчилиги менен алектенди. Кыргыздын кыйындыгы, боз үйдүн керемети, ак калпактын кооздугу социализм мезгилинде эле ырга салынган, бирок анда кыргыздын заманга арыз-арманы, улуттук бечаралыгы, өз жеринде өзү түрткүнчүк болуп күн кечиргени баяндалбаптыр. Ш.Дүйшеевдин поэтикалык феноменинин кыргыз кыртышында көгөрүп-көктөп чыгышы бир катар объективдүү, субъективдүү себептерге байланыштуу деп айтууга болот. Бирок алардын бардыгын текши санап, анын акындык өзгөчөлүгүн шарттап турган белгилерди ачып берүү болочокто кенен-кесир иликтөөгө алынууга тийиш. Анткени, журналист Н. Капаров мүнөздөгөндөй, «… Шайлообек – көп кырдуу талант, уникалдуу акын. Ал Саякбайдай манасчы, Осмонкулдай дастанчы, Ысмайылдай жамакчы, Ысактай кошокчу, Жоомарттай өткүр, Мидиндей лирик, Байдылдадай тапан, Сооронбайдай тыкан, Райкандай төкмө, Алыкулдай муңдуу, Сагындай сырдуу, Ашымдай зергер, Салижандай таамай, Жалилдей өжөр, Рамистей тентек, Сүйүнбайдай жөнтөк, Турардай чынчыл, Жолондой эр көкүрөк, Токтогулдай нуска, Пушкиндей сүрөткер акын…» [6]. Демек, сүрөткердин таланты, кимдиги мезгил арылаган сайын улам ачылып, катылган сырлары бир четинен суурулуп чыга берет деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**

1. Абдыкеримова, А. Лингвистикалык поэтика. -Каракол, 2008.
2. Азыркы кыргыз адабиятынын тарыхы. -Бишкек, 2015.
3. Дүйшеев Ш. «Көзүмө көрүнгөндүн баарын эмес, жүрөгүмө урунгандын баарын жаздым». //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. -№1.
4. Жумабаев И. Көрктүү табият, көйгөйү көп турмуш. //Адабий Ала-Тоо. -2008. -№17 (66).
5. Иманалиев К. Лирикадан эпикага чейин. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. -№1.
6. Капаров Н. Теңир колдогон талант. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. -№1.
7. Садыков А. Жоомарт, Чыңгыз жана Шайлообек. -Бишкек, 2009.
8. Усубалиев Б. Жок дегенде Эштегиң калар. Китепте: Шайлообек Арабадагы ыр -2. -Бишкек, 2001, -4-5-бб.
9. Дүйшеев Ш. Сүйлөшкөнгө чейинки сөз. -Фрунзе, 1989.
10. Дүйшеев Ш. Шам ал. -Бишкек: Бийиктик, 2010.